✦ *Эстутум* ✦

# Генерал - лейтенант Исакбек Монуев

Таланттуу аскер башчы, кыргыз улутунан чыккан биринчи генерал, кытайлык кыргыздардын жана жалпы эле көп улуттуу Синьцзяньдын улуу инсаны генерал-лейтенант Исакбек Монуев 1902-жылы Улуучат ооданы, Жыгын айылы, Сымкана кыштагынын Тай-Чыкпас деген жайлоосунда туулган. Атасы Мону Сымканадагы колунда бар, Меккеге чейин барып келген, диний билимдүү соодагер киши болгон. Ошондуктан, Исакбекке диний кат таанытып сабатын ачкан. Исакбек 16 жашка толгончо атасынын соодагерлик ишине жардамдашып, аны менен кошо Кашкар, Үрүмчү, Ош, Андижан, Наманган, Фергана жана башка жерлерге чейин келген. Жаштайынан эле сезимтал, зирек чоңойгон. Диний билимин да абдан жакшы өздөштүрүп, айылда Исак Молдо деген атка конуп, эл арасында оозго алынып, көзгө көрүнө баштайт, ал эми өз аты Исакмат болучу. Анын коомдук ишмердүүлүгү 16 жашынан башталган. 1918-жылы Сымкана айылынын жашоочулары аксакалдар бий шайлоо үчүн жыйналыш өткөрүшөт. Шайлоочулар жалпы добуштан, жаштыгына карабай бул орунга Молдо Исакты көрсөтүшөт. Ошондон баштап анын аты эл арасында Исакбий, Исакбек деп айтыла баштайт.

1917-жылы Россиядагы революциянын жеңиши, 1918-1924-жылдардагы Кыргызстандагы түштүгүндө басмачылыктын таасири чек арадагы кыштак болуп саналган Сымканага өз таасирин тийгизбей койгон жок.

Ошондуктан, Исакбек элдин бейкутчулугун камсыз кылуу максатында кыргыз жаштарынан атайын отряддарды кура баштады. Ал Советтик чек ара аскерлери менен тыгыз байланыш түзө алган, орус тилинде окуй, сүйлөй билгендиги ага жакшы жардам берди.

Чек арачылар менен болгон аскердик-согуштук байланыш өсүп олтуруп, саясый-экономикалык мүнөзгө чейин жеткен.

Анын натыйжасында Исакбек бир гана өзүнүн аскерлеринин абалын жөнгө салып, бекемдебестен, карапайым эл үчүн да көп иштерди жасаган. Мисалы:

- анын демилгеси менен айылдарга мектептер ачыла баштаган;
- элдин ден-соолугуна көңүл бурган;
- кедейлердин турмушун оңдоо үчүн азык-түлүк, кой, уй, эчки, жылкы жана башка таркатылган (совет өкмөтү берген);
- кыргыз, казак жаштарын Ташкентке окууга жөнөткөн ж.б.у.с.

Анын негизги ишмердүүлүгү аскердик болгону менен бардык жерде маданий агартуу иштерин бекемдөөгө көңүл буруп, тактыкты, тартипти талап кылган. Бардык кызматында атайын пландар, структуралар менен иштеген жана ар бир кызматчынын болобу, аскерлеринин, жардамчыларынын функцияларын өтө так белгилеп берген. Мезгилдин өтүшү менен Исакбектин армиясы өсүп отуруп өтө чоң күчкө айланат. Синьцзяньда анын аскерлери катышпаган кыймыл, козголоң, көтөрүлүш жок десек жаңылышпайбыз. Мисалы, Кашгар, Кумул, Хотандагы козголоңдор, Чыгыш Түркстан Республикасынын орношу үчүн күрөш. Исакбек айылдагы аскерлердин кол башчылыгынан баштап, Үч Аймак улуттук армиясынын командачысы, 1944-жылдан 1949-жылга чейин жашаган, борбору Кулжа шаарында жайгашкан Чыгыш Түркстан Республикасынын аскер жана коргоо министри кызматында иштеген.

Өмүрүнүн акырына чейин улуттар аралык достук, ынтымактык, өз ара мамилени чыңдоо, элдин эркиндиги, бейкутчулугу үчүн умтулган жана күрөшкөн.

1949-жылы август айында Кытай Коммунисттик Партиясы бийликке келээр алдында курман болгон.

Азыркы мезгилде Кытай Республикасынын Кулжа шаарында анын күмбөз эстелиги, музей, Исакбек атындагы аскердик окуу жайы, көчө бар. 1989-жылы курман болгондугунун 40 жылдыгына байланыштуу китептер жарыкка чыгып, Исакбек сыяктуу революциянын баатырларынын аттары кайрадан атала баштады.

Кыргыз Республикасында Кытайдан көчүп келген кыргыздар жана Исакбектин туугандарынын демилгеси менен 1992-жылы 90 жылдык юбилейинде Алай районунун Нура айылындагы орто мектепке аты берилип, айкели тургузулду.

Быйыл 2002-жылы анын 100 жашка толгондугу белгиленмекчи.

**Мусабек САТЫБАЛДИЕВ,**
*Улуттук Илимдер Академиясынын Түштүк бөлүмү, Коомдук Илимдер Институтунун окумуштуу секретары.*